КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЧҮЙ ОБЛАСТЫ
СОКУЛУК РАЙОНУ
ОРОК АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ
724808,Жал айылы Гагарин көчөсү
Тел: 0 (3134) 70-16-6, 70-30-2
Факс: (0312) 88-12-04,
л/с4403051001001438
эл.почта:orokskiymestnyy.kenesh@mail.ru

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ
СОКУЛУКСКИЙ РАЙОН
ОРОКСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
724808,с.Джал ул.Гагарина б/н
Тел: 0 (3134) 70-16-6, 70-30-2
Факс: (0312) 88-12-04,
л/с4403051001001438
эл.почта:orokskiymestnyy.kenesh@mail.ru

**2023-жыл 28-ноябрь** **№ 10/5** **Жал а.**

**ТОКТОМ** **ПОСТАНОВЛЕНИЕ**

**«Жайыт жерлеринин жалпы аянтын бекитүү жана 2023-жылдын 15-июнунда кабыл алынган № 6/1 токтомунун жайыт жерлердин аянттары боюнча пункттарын жокко чыгаруу жөнүндө»**

Орок айылдык кеңешинин кезектеги сессиясы, Орок айыл аймагынын Жайыт комитетинин төрагасы Б. Коконбаевтин, Орок айыл аймагында жайгашкан жайыт жерлердин аянттары өзгөргөнүнө байланыштуу, 2023-жылдын 14-июлунда "Кадастр" Мамлекеттик мекемесинин Сокулук филиалы, тарабынан берилген маалыматынын негизинде жалпы жайыт жерлердин аянттарынын бекитип берүү жана 2023-жылдын 15-июнунда кабыл алынган № 6/1 токтомунун жайыт жерлердин аянттары боюнча пункттарын жокко чыгаруу боюнча кайрылуусун угуп жана талкуулап. Кыргыз Республикасынын 2009-жылдын 26-январындагы №30 «Жайыттар жөнүндө» Мыйзамынын 4-беренесинин 3-бөлүмүн жана Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы № 123 "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамынын 34-беренесинин 2- бөлүмүнүн 17-пункттун ошондой эле 39-беренесинин 5-бөлүмүнүн жетекчиликке алуу менен Орок айылдык кеңеши

**Токтом кылат:**

1. "Кадастр" Мамлекеттик мекемесинин Сокулук филиалы, тарабынан берилген маалыматынын негизинде, Орок айыл аймагынын жалпы жайыт жерлеринин аянты-985 га. болуп бекитилсин.
2. Орок айылдык кеңешинин 2023-жылдын 15-июнунда кабыл алынган № 6/1 токтомунун 3 жана 5 пунктары толугу менен жокко чыгарылсын.
3. Бул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө мыйзамына ылайык www.gamsumo.gov.kg сайтына жарыялансын.
4. Токтом мамлекеттик тилде гана кабыл алынды.
5. Бул токтомдун аткарылышы Орок айыл аймагынын Жайыт комитетинин төрагасы Б. Коконбаевге жүктөлсүн.

**Орок айылдык кенешинин төрагасы** **У. Бекболотов**